**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Б.Н.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.23.669**

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 342.41(575) (043.3)*

**Мамашарип кызы Багдагүл**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК УКУГУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

**12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук**

юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Арабаев Автандил Анисович**
юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Расмий оппоненттери:** **Токтогулов Алмаз асылбекович** юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргызпатенттин алдындагы Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун аткаруучу директору

**Рахманов Асылбек Рахманович** юридика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешинин депутатынын консультанты

. **Жетектөөчү уюм:** "Кыргызстан эл аралык университети" окуу-илимий-өндүрүштук комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы. **Дареги:** (Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 7-апрель көч. 4 а)

Коргоо 3-февраль 2025-жылы саат 14:00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулк даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча **Д 12.23.669** диссертациялык кеңешинин отурумунда корголот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев к., 132, конференц-зал (209-ауд.). Диссертацияны коргоону онлайн чагылдырып берүү коду: https://vc.vak.kg/b/122-3zo-lwo-cjw

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу к., 394) жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев к., 44,) китепканаларынан, ошондой эле, https://vak/kg/d12 23 69 сайтына таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 30-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Сагыналиева В.Ж.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу** үй-бүлөлүк мамилелердеги көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечүү менен шартталган. Үй-бүлө коомдун негизин түзүп, коомдук институт болгону менен, ал жалаң гана коомдук жөнгө салуу механизмдери аркылуу эмес, мамлекет тарабынан санкцияланган укуктук механизмдер менен да жөнгө салынууга тийиш. Себеби үй-бүлө мүчөлөрү жана жалпы үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары абстрактуу объекттер эмес, алар конкреттүү адамдар (жарандар, жарандыгы жок адамдар, чет элдик жарандар), андан барып – укуктук субъекттер, алар үй-бүлөлүк мамилелерде өз ара жана мамлекет менен укуктук байланышта болот, өздөрүнүн жеке же жалпы укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууда мамлекет, анын органдары жана кызмат адамдары менен мамиледе болушат. Албетте, бул мамилелер укуктук жөнгө салынууга жатат.

Ушул убакка чейин мамлекетибизде үй-бүлөлүк же аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуучу заманбап, талапка ылайык мыйзамдар жана тиешелүү ченемдик актылар кабыл алынып келет. Бирок, коомубуз арыла албай жаткан “кыз ала качуу”, мыйзамсыз нике кыюу, көп аял алуу, алимент өндүрүү, үй-бүлөлүк мамилелерде адеп-ахлак деңгээлинин төмөндөшү ж.б.у.с. маселелер, ошондой эле азыркы ааламдашуу доорунун илеби салттуу кыргыз коомуна терс таасирин тийгизбей койгон жок. Мына ушуларды болтурбоо же алдын алуунун укуктук жол жобосун аныктап, илимий изилдөө жүргүзүүгө кызыгуу жаратат.

Илимий изилдөө иш “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу теманын алкагында көйгөйлөр талданып, негиздүү сунуштарды берүүнүн үстүндө иш жүргүзүлдү. Ошондой эле, теманын алкагында үй-бүлө укугунун катышуучуларынын конституциялык-укуктарына маани берилип, алардын үй-бүлөдөгү милдеттери менен жоопкечиликтеринин механизмдери да каралды. Илимий изилдөө ишинин жыйынтыктары конституциялык-укуктук негиздерди өркүндөтүү боюнча иш алып барган тармактарга пайдасын тийгизет.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттары, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2018-2028-жылдарга үй-бүлөнү жана балдарды колдоо программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-августундагы №479 токтому менен бекитилген) менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери**. Диссертациялык изилдөө ишинин максаты КРнын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук

негиздерин теориялык жактан иштеп чыгуу менен аларды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды берүү.

Максатка жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкү **милдеттер** коюлган:

1. үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык-укуктук ченемдердерди изилдөө жана талдоо;
2. үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;
3. үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объектисин, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү;
4. үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык – укуктук маанисине талдоо жүргүзүү;
5. үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүү;
6. үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизиминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

**Изилдөө иштин илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында конситуциялык-укук илиминде бир катар жаңы илимий-теориялык позицияларды чагылдырган теориялык жоболор менен практикалык сунуштамалар иштелип чыкты.

Диссертациялык изилдөөдө укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталды, ошондой эле үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү сунуштары белгиленмекчи.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** КРнын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда камтылган жоболор жогорку окуу жайларында жогоруда аталган дисциплиналарды окутууда, ошондой эле конституциялык укук, үй-бүлө укугу сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулат.

**Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор:**

1. Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы конституциясында камтыган үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди камтыган конституциялык ченемдер изилденип ага карата автордук аныктама берилди.

*“Үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери”.

2. Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо тууралуу бап киргизүү сунушталды. Башкача айтканда 2012-жылдын 10-июлунда кабыл алынган №100 Кыргыз Республикаснын Балдар жөнүндө кодексине «Балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо» деген аталыштагы жетинчи бап менен толуктоо сунушталмакчы. Анда адептүү (калп айтпоо, ушак сүйлөбөө, жамандабоо, ач көз, сараңдыктан алыс болуу, башка бирөөнү кордобоо) жана адилет болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл. Балдарда ыймандуулук, акыйкаттык, калыстык, намыскөйлүк, уяттуулук, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, кечиримдүүлүк сапаттарын калыптандырууга багытталган ченемдер киргизилсе. Келечек муундардын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу эл кызматына жараган элдик уулду, коомдук милдеттерди аткарган, Ата-Мекенди сүйгөн, коргогон, адилет эмгек кылган азаматты тарбияласак, демократиялык тарбиянын эң негизги милдеттери аткарылат. Балдардын бири-бирине болгон мамилесине мындай адеп-ахлактык тарбия түздөн-түз жакшы таасир берет.

3. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда конституциялык – укуктук маанисин, алардын укуктук идеялык башатын конституциялык принциптер түзөөрү аныкталынды жана алар автор тарабынан үч негизги блокко бириктирилип каралды. *Биринчи блок* - үй-бүлөлүк тармактык принциптерде толукталып, өзүнчө тиешелүү юридикалык формага ээ болуу менен бирге үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу механизминде өзгөчө ролду аткарышат. *Экинчи блок* - үй-бүлөлүк укуктун предметтик өзгөчөлүгү анда коомдук мамилелердин, бир жагынан, укуктук принциптер жана ченемдер менен, экинчи жагынан, социалдык башка ченемдер – моралдык, адеп-ахлактык, жүрүм-турум эрежелеринин талаптары менен жөнгө салынышы.

*Үчүнчү блок* - үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда, айрыкча, кыргыз коомчулугуна карата нарк менен салттын сакталышы, бир жагынан, Конституциянын жана үй-бүлөлүк тармактык мыйзамдардын талаптары жана кепилдиги менен, экинчи жагынан, кыргыздын тарыхы, маданияты, руханий турмушу менен шартталат.

4. Үй-бүлө укугунун түшүнүгүн изилдөөдө анын конституциялык – укуктук маанисине токтолуу менен үй-бүлө укуктук мамилелер тууралуу автордук аныктама сунушталды. «*Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер* деп үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүүгө жана аларды ишке ашырууга байланышкан жана ошол эле учурда тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынган мамилелер».

5. Изилдөөнүн негизинде азыркы учурдагы үй-бүлөлүк - укуктук жөнгө салууну коргоодо пайда болгон бир катар маселелерге талдоо жүргүзүү

менен автор Кыргыз Республикасынын Конституциясына үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону киргизүүнү сунуштады. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин 4-бөлүк менен толуктап төмөндөгүдөй редакцияда баяндоо керек: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш".

6. Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилик маселелерин изилдөө менен автор анын негизги максаттарын төмөндөгүдөй үч топко бөлүү аркылуу аныктады:

1 – топ: мыйзамдарды жакшыртуу менен үй-бүлө жана нике чөйрөсүндө укук бузууларды алдын алуу;

2 – топ: үй-бүлө мүчөлөрүн үй-бүлө укуктарын жана баалуулуктарын урматтоо багытында тарбиялоо;

3 – топ: үй-бүлө мүчөлөрүн мыйзамдын жана адеп-ахлактын талаптарына ылайык үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууга жана укуктарды ишке ашырууга үндөө.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертант тарабынан диссертациянын темасынын актуалдуулугу өз алдынча аныкталган, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери түзүлгөн жана диссертациянын коргоого коюлган жоболору чыгарылган. Диссертациялык изилдөө ишиндеги негизги илимий жыйынтыктар, коргоого чыгарылып жаткан жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар автордун жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары илимий басылмаларда, анын ичинде УАКтын тизмесинде сунушталган рецензияланган алдыңкы илимий журналдарда чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган тыянактар жана сунуштар Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин «конституциялык укук», «үй-бүлө укугу» дисциплиналарын окутуу үчүн окуу процессине киргизилген жана диссертант тарабынан жогоруда аталган курстар боюнча лекцияларды окууда жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары Кыргыз Республикасынын УАК тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, 6 бөлүмдөн, тыянактардан, корутундудан, практикалык сунуштамалардан, колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттары, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги

илимий-изилдөө иштери менен байланышы, диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү, коргоого чыгарылуучу негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо, диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы, диссертациянын түзүмү жана көлөмү чагылдырылган.

КРнын үй-бүлөлүк укук системасынын конституциялык-укуктук негиздери боюнча сунуштарды иштеп чыгуудагы маанилүү изилдөө болуп саналары анык. Себеби мыйзам ченемдердин так аткарылышы КРнын үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө гана мүмкүндүк бербестен, ушул жаатындагы мыйзамдардын кабыл алынышына, аларды реалдуу жашоодо колдонууга өбөлгө түзөт.

**“Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди конституциялык укуктук жактан жөнгө салуу”** аталыштагы биринчи бап эки бөлүмдөн турат.

Биринчи бөлүм **«Үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык – укуктук ченемдер»** деп каралды. КРнын аракеттеги Конституциясы да 20-берененин 1-бөлүгүндө үй-бүлөнү коомдун негизи катары тааныйт жана үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда тураарын так белгилейт *[“Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2021-ж. 5-майы № 59 //Эркин Тоо. – 2021. – 5-май.]*. Конституциялык жоболор үй-бүлөдөгү мамилелер негизинен укуктук жактан жөнгө салынаарын айгинелеп турат. КРнын укуктук тутумунда мындай мамилелер улуттук укуктун өзүнчө тармагы болгон үй-бүлөлүк укук аркылуу жөнгө салынат.

КРнын Конституциясында жашы жете электердин укуктук статусун түздөн-түз аныктаган ченемдер жана принциптер жок деген тыянак далилденди. Бирок, КРнын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын ар бир адамы жана жараны ээ болгон укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин бүткүл тизмеси, анын ичинде жашы жете элек адам сыяктуу конституциялык-укуктук мамилелердин өзгөчө субъектиси бар. Ошол эле учурда, жашы жете электердин укуктук статусун камсыз кылуу үчүн, аларды декларативдик жол менен Конституцияга киргизүү жетишсиз, ошондой эле укуктук ченемдерди ишке ашыруунун натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу жана киргизүү зарыл. Бул учурда конституциялык жана укуктук ченемдерди ишке ашыруу, жашы жете электердин конституциялык-укуктук статусун реалдуу чындоо катары кызмат кылып, ушул ченемдер менен учурдагы чындыктын ортосундагы байланышка өбөлгө түзмөк. Жашы жете электердин укуктук статусунун элементтеринин бири катары кепилдиктер төмөнкүлөрдү камтууга тийиш: - жашы жете электердин өзгөчө статусун, анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону жана коргоону камсыз кылган конституциялык ченемдер; жашы жете электерге алардын укуктарын жана мыйзамдуу

кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн берилген бардык укуктук шарттарды, каражаттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуунун бекем механизмин түзүү; жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону натыйжалуу ишке ашырууга өбөлгө түзүп, сапаттуу мыйзамдык базаны иштеп чыгуу жана өркүндөтүү.

Колдонулуп жаткан мыйзамдарды талдоонун натыйжасында КРнын Конституциясы жана КРнын Балдар жөнүндө кодексинде баланын кызыкчылыгы үчүн жоболор бар экендиги аныкталды.

Бул бөлүмдө үй-бүлө жаатындагы мамилелердин укуктук жөнгө салынышы тууралуу көптөгөн окумуштуулардын позициялары айтылды. Окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы Конституцияны, мыйзамдарды талдоо менен үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктама берилди. *“Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери”.

Биринчи баптын экинчи бөлүмү «**Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга мүнөздөмө»** деп аталат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы никеге туруунун, никени токтотуунун жана аны жараксыз деп табуунун шарттары менен тартибин белгилейт, үй-бүлө мүчөлөрүнүн: жубайлардын, ата-энелер менен балдардын (асырап алуучулардын жана асырап алынгандардын) ортосунда, ал эми үйбүлө мыйзамдарында каралган учурларда жана чектеринде башка туугандар менен бөлөк адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинде үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелердин конституциялык негиздери аныкталган *[“Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2021-ж. 5-майы № 59 //Эркин Тоо. – 2021. – 5-май.]*. Аталган berенeнин жоболорунда үй-бүлөнүн коомдогу маанилүүлүгүн, ордун, ролун тастыктап турат.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 4-беренесинде Кыргызстандын үй-бүлө мыйзамдары аталган Кодекстен, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинен жана аларга ылайык кабыл алынуучу башка мыйзамдардан турат деп белгиленген *[Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 2003-ж. 30-авг. № 201 //Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Жарчысы. – 2004. - №1. - 1-ст.]*. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин Преамбуласында бул Кодекстин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык никеге туруунун, никени токтотуунун жана аны жараксыз деп табуунун шарттары менен тартибин белгилээри, үй-бүлө мүчөлөрүнүн: жубайлардын, ата-энелер менен балдардын (асырап алуучулардын жана асырап алынгандардын) ортосунда, ал эми үйбүлө мыйзамдарында каралган учурларда жана

чектеринде башка туугандар менен бөлөк адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салаары аныкталган. Ар бир үй-бүлө өз алдынча өз пикири боюнча өз мамилелерин курат - бул жеке укуктарына жана милдеттерине тиешелүү *[Осмоналиева Н.Ж. Личные права и обязанности супругов по законодательству Кыргызской Республики [Текст] Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. – 2012. Выпуск 4. – стр. 228].* Үй-бүлөнү, анын укуктарын жана баланын укуктарын социалдык жактан коргоонун гаранты Кыргыз Республикасынын Конституциясы болуп саналат [Муратбекова С. М. Государственная семейная политика в КР: правовые проблемы и пути их решения [Текст] Мультидисциплинарный научный журнал. – 2016. – стр. 80]. Демек, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу биринчи кезекте Конституцияга жана анын принциптери менен ченемдерине негизделет жана аларга ылайык жүзөгө ашырылат. Башкача айтканда, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сап башында Конституция турат.

Ошондой эле үй-бүлө кодексинин жалпы мүнөздөмөсү берилди, анда мыйзамдын ар бир беренесине жана принциптерин ачып көрсөтүүгө аракет жасадык жана конституциялык принциптер менен ченемдер мыйзамдын негизин түзөт деген жыйынтыка келдик.

Экинчи бап **“Үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин конституциялык-укуктук мааниси”** деп аталып, эки бөлүмдөн турат. Экинчи баптын биринчи бөлүмүндө: **“Үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы”**изилденди.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери менен байланышкан коомдук мамлилелер эсептелинет. Ал эми **изилдөөнүн предметин** үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикасы түзүшөт. Изилдөөнүн методологиясын коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий ыкмалары менен бирге жеке илимий ыкмаларды комплекстүү колдонулду. Жалпы илимий ыкма катары таануунун диалектикалык ыкмасын колдонуу үй-бүлө мамилелерин жана аларды жөнгө салуунун жалпы коомдук өнүгүү процессинин, андагы өз ара байланыштар жана өз ара көз карандылыктардын призмасы аркылуу кароого мүмкүнчүлүк түздү.

Экинчи баптын, экинчи бөлүмү **«Үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык-укуктук мааниси»** деп аныкталды**.** Бул бөлүмдө үй-бүлө түшүнүгүн аныктоого аракеттенген бир топ окумуштуулардын, коом таануучулардын ой-пикирлери, көз караштары эмгектеринен алынып жазылды. Үй-бүлөлүк укук улуттук укуктун тармагы катары өзүнүн жөнгө салуу предмети менен методдоруна ылайык бир катар укуктук

институттардан турат. Ал эми алардын эң маанилүүсү үй-бүлө экендиги талашсыз.

«Үй-бүлө» терминин айрым ата мекендик жана чет элдик окумуштуулар түшүнүк катары карашса, кээ бирөөлөрү анын маңызы менен мазмунуна өзгөчө маани берип, категория катары талдап келишет. Албетте, биз изилдөөбүздүн предметине жана объектине ылайык «үй-бүлө» түшүнүгүн укуктук илимдердин призмасынан талдоого алабыз. Баса белгилеп кетчү маселе – акыркы мезгилде Үй-бүлөлүк укугунун актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөөгө ата мекендик окумуштуулар, олуттуу маани беришүүдө. Окумуштуу, укук таануучу Ж.Ч. Тегизбекованын «Кыргыздардын нике жана үй-бүлө мамилелерин адат укугу боюнча жөнгө салуу» аттуу монографиялык изилдөөсүндө «Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун зарылдыгы алардын социалдык мааниси менен түшүндүрүлгөн» деп белгиленген *[Ж.Ч. Тегизбекова Регулирование брачно – семейных отношений кыргызов по обычному праву [Текст] Электронный ресурс//ib.krsu.edu.kg/uploads/files/public/6136.pdf]*. Бирок, ошентсе да Үй-бүлөлүк укук боюнча илимий-теориялык базаны советтик жана россиялык окумуштуулардын эмгектери түзөөрүн моюнга алышыбыз керек. Албетте үй-бүлөнүн өзөгүн нике түзөт. Никенин негизинде үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелер пайда болот. Анын мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары жалаң гана принциптер, ченемдер менен гана жөнгө салынбайт. Алар башка социалдык ченемдер менен да жөнгө салынышы мүмкүн, алсак моралдык ченемдер, үрп-адаттар жана салттуу эрежелер ж.б.у.с. Үй-бүлөлүк мамилелердин укук тарабынан коом жана мамлекет үчүн сөзсүз түрдө жөнгө салынууну талап кылынган учурлары жана укуктук жөнгө салынууга жаткан тараптары гана жөнгө салынат. Алсак, үй-бүлөнүн мүчөсүнүн адам жана жаран катары укуктарын, милдеттерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүү жана аларды коргоо менен байланышкан мамилелер укуктук жактан жөнгө салынат. Үй-бүлөлүк укукта *“кызыкчылык”* түшүнүгү ата-энелик укук мамилелерин мүнөздөөдө өзгөчө толуктоолорго ээ. Өсүп келе жаткан муунду талаптагыдай тарбиялоо балдардын таламдарын, алардын ата-энелеринин жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн таламдарын, мамлекеттин жана коомдун таламдарын айкалыштыруу менен коштолот. Бул бөлүмдө ушул “кызыкчылык” түшүнүгүнө кеңир мааниси ачылып берилди.

**«Үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуунун конституциялык принциптери»** үчүнчү бап, ал эки бөлүмдөн турат. Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү **«Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо»** каралды. Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо компетенттүү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары же болбосо үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин ыйгарым укуктуу субъектиси тарабынан үй-бүлө мыйзамдарында каралган бузулган укуктарды жана мыйзамдуу таламдарды калыбына келтирүү, ошондой эле аларды бузуу коркунучун четтетүү үчүн чараларды колдонууну билдирет. Үй-бүлөлүк

укуктагы “коргоо чаралары” түшүнүгү “жоопкерчилик чаралары” түшүнүгүнө караганда кыйла кененирээк, анткени ар бир коргоо чарасы үй-бүлөлүк милдеттерди жазыксыз түрдө аткарбаган учурда жоопкерчилик чарасы катары саналбайт. Үй-бүлөлүк мамилелерде катышуучулардын укуктары жана милдеттери гана корголбостон, алардын үй-бүлөлүк абалы, анын ичинде никедеги абалы да корголору аныкталган. Үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын чектөөнүн эсебинен анын абалын коргоодо, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн укуктары жана кызыкчылыктары күчөтүлгөн коргоого алынууга тийиш. Үй-бүлөлүк укуктагы абал – бул туруктуу же мезгил-мезгили менен укуктук кесепеттерди жаратуучу узакка созулган аракеттердин аныкталган турмуштук жагдайлары. Үй-бүлөлүк укуктун алкагында төмөнкү абалдарды бөлүүгө болот: тууганчылык, нике, жеке өзгөчөлүк, кош бойлуулук, эмгекке жарамсыздык, муктаж болуу ж. б. Үй-бүлөлүк укукту коргоо маселелерин карап чыгууда негиз болуучу учурлар, жогоруда белгилегендей Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Үй-бүлөлүк мыйзамдардын тиешелүү жоболорунда чагылдырылат.

Арийне, үй-бүлөлүк укуктарды жана кызыкчылыктарды коргоонун юрисдикциялык формасы мыйзамда өзгөчө белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу органдардын жана кызмат адамдарынын ишмердиги аркылуу ишке ашырылат. Соттук коргоо Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинде жана Үй-бүлө кодексинде камтылган эрежелер боюнча жүзөгө ашырылат. Тилекке каршы, сотто дайыма эле Үй-бүлө кодексинин процесстик мүнөздөгү ченемдери эске алына бербейт. Кыргызстанда аялдардын сотко кайрылган эң көп доо арыздары ажырашуу жана алимент өндүрүү болуп саналат. Бул соттордо каралып жаткан бардык үй-бүлөлүк иштердин 80%ынан көптү түзөт. Ар жылы Кыргызстанда 145 миңден ашык ымыркай төрөлөт. Жылына орто эсеп менен 50-51 миңге чамалуу түгөй баш кошуп, 10-12 миңдейи ажырашат. 2022-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча ажырашкан аялдардын 6%ы жана эркектердин 3,3%ы катталган. Анын үстүнө, бул расмий никеге тургандар, бирок азыркы учурга чейин расмий каттоосу жок жашаган жубайлардын саны арбын. Акыркы жылдары Кыргызстанда калыптанып калган тажрыйбага ылайык, жаңы төрөлгөн балдардын төрттөн бир бөлүгү – никеге турбаган энелердин балдары. Алар никени каттоого алышкан эмес. Ал эми, жаңы төрөлгөн балдардын 51%ы - эки ата-энесинин биргелешкен арызы боюнча, 49%ы - энелердин өтүнүчү боюнча гана катталган. Акыйкатчы институтуна жана аймактык өкүлчүлүктөргө алиментти өндүрүүгө жардам сурап кайрылгандар жыл сайын бул жааттагы жалпы иштердин 10%ын түзөт. Ата-энелердин балдарын багуудан баш тартуу маселеси боюнча иш алып барууда Акыйкатчы институту тарабынан бир катар кемчиликтер аныкталды *[Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2022-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен*

*эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө жылдык баяндамасы Бишкек – 2023.50-б.].*

Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү "**Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчилик**" каралды**.** Бул бөлүмдө үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик институтуна илимий изилдөө жүргүздүк. "Үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик" менен "үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин" теориялык маанисин айта турган болсок, чектеш түшүнүк, бирок окшош эмес. Илимде юридикалык жоопкерчиликтин айрым институтунун өз алдынчалыгын күбөлөндүргөн кошумча белгилерди бөлүп карашат, атап айтканда: "юридикалык жоопкерчиликти караган кодификацияланган ченемдик-укуктук актынын болушу; процессуалдык жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү; өз алдынча укук бузуунун болушу (укук бузуу объектисинин өзүнүн табияты менен); жасалган жосундун мамлекет тарабынан белгиленген жагымсыз кесепеттеринин түрү". Бул белгилер толугу менен үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик институтуна мүнөздүү. Жоопкерчиликти ишке ашыруунун эки формасына тиешелүү бөлүгүндөгү ушул аныктамага макул болуп, үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин аныктамасына толук көлөмдөгү милдет катары макул болуу туура эмес деп эсептейбиз. Ооба, үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик ҮК ченемдеринде бекитилген милдеттерди ак ниеттүү аткаруу жана укуктарды ишке ашыруу жолу менен ишке ашырылат. Үй-бүлөлүк милдеттерге басым жасалат, алардын аткарылбагандыгы үй-бүлөлүк укук бузуу катары бааланат. Үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин чет өлкөлүк аспектилерин талдоо көрсөткөндөй, Австриянын, Германиянын, Голландиянын, Улуу Британиянын, Испаниянын, Франциянын, Швейцариянын, АКШнын жана башка мамлекеттердин жарандык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарынын тиешелүү жоболорун салыштыруу андагы "үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик" түшүнүгүнүн жоктугуна карабастан, үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин субъекттеринин жоопкерчилик чараларын регламенттөө жигердүү жүргүзүлүп жатат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди.

Ошондой эле, үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин максаттарын бөлүп көрсөтүү мүмкүн жана максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: нике-үй-бүлө мамилелеринин иреттүүлүгүн түзүү; үй-бүлөлүк укук бузууларды алдын алуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктук жана моралдык-этикалык жазма буйруктарга ылайык жүрүм-турумун камсыз кылуу; никеге туруудан жана үй-бүлөгө таандыктыктан келип чыккан мамилелердин катышуучуларынын арасында девианттык жүрүм-турумдун деңгээлин төмөндөтүү; активдүү моралдык-адеп-ахлактык позицияны тарбиялоо, үй-бүлө жана нике институтун сыйлоону калыптандыруу, үй-бүлөдө гендердик теңчиликти ишке ашыруу; үй-бүлөлүк укук бузууну жасагандыгы үчүн адамды жазалоо; үй-бүлө мүчөлөрүнүн, өзгөчө жашы жете электердин жана эмгекке жарамсыздардын укуктарын жана кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жана коргоо. Демек, үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин максаты - бул үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин ченемдерин орнотуунун жана

колдонуунун жардамы менен мыйзам чыгаруучу жана укук колдонуучу жетүүгө умтулган, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ишмердигинин каалаган натыйжаларында чагылдырылган нике-үй-бүлөлүк мамилелердин келечектеги өнүгүүсүнүн идеалдуу болжолдонгон, мамлекет тарабынан камсыз кылынган модели.

Ошондой эле, үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин функциялары да камтылды. Бир катар окумуштуулардын пикирлери ортогосалынды, көз караштары салыштырылды. Үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик функциялары өзүнөн-өзү белгиленбейт. Алар коомдун жана үй-бүлөнүн өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабына туура келет. Коомдук мамилелерге жөнгө салуучу таасирдин муктаждыгы гана эмес, ошол таасирдин мазмуну жана формалары коомдун өзгөчөлүгү, анын баалуулуктары, идеалдары, объективдүү шарттары менен аныкталат. Үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин жөнгө салуучу, тарбиялык, алдын алуучу, калыбына келтирүүчү, жазалоочу таасири үй-бүлөнү жана никени гармониялуу өнүктүрүү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу, бузулган үй-бүлөлүк укуктарды, баалуулуктарды жана идеалдарды калыбына келтирүү, үй-бүлөдөгү жүрүм-турумдун терс варианттарын четтетүү, социалдык жана моралдык баалуулуктарды бекитүү, үй-бүлөлүк укуктук мамилелерде жалпы жана жеке-укуктук кызыкчылыктардын гармониялуу айкалышын калыптандыруу зарылдыгы менен аныкталат. Алар бири-бири менен тыгыз байланышта.

Үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликтин позитивдүү жоопкерчилик катары эң так аныктамасын, биринчи кезекте үй-бүлөлүк мамилелерге милдеттенме түшүнүгүн колдонуу менен түзсө болот деп ойлойбуз. Милдеттенмелер теориясын жарандык карым-катнаштын муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан мааниде колдонуу (мүлктүк кызыкчылыктын басымдуулугу менен) туура эмес жана ал тургай зыяндуу болуп калышы мүмкүн, анткени ал үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин маңызын өзгөчө мамиле катары толугу менен бузуп, өзүнчө тармакка үй-бүлөлүк укукту бөлүп берүүнүн каршылаштарынын аргументи үчүн кошумча кызмат кылмак. Милдеттенме, келишим, милдет сыяктуу укуктук категориялар өз алдынча жана мазмуну боюнча да, маңызы боюнча да индивидуалдуу деп кароо маанилүү, бирок алардын ар бири бирдей жана так түшүнүүнү талап кылат.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык иштин алкагындагы илимий изилдөө КРнын үй-бүлө укук системасынын конституциялык-укуктук негиздери талкууланып талданды. Үй-бүлөлүк укуктун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө менен КР үй-бүлөлүк укук системасын жакшыртуу, өркүндөтүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу маанилүү кадам болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө КРнын Конституциясы, анын негизги жоболору, конституциялык мыйзамдар, кодекстер мыйзамдар талдоого алынды.

Илимий изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн талдоолордон жана тыянактардан улам, тиешелүү мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталды. Берилген сунуштар диссертациялык теманын алкагында иштелип чыккан төмөнкү милдеттердин негизинде каралды жана талданды:

1. Үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык - укуктук ченемдерге талдоо жүргүзүү менен автордук аныктама берилди.
2. Үй-бүлөлүк мыйзамдардын жалпы мүнөздөмөсүнө талдоо жүргүзүлдү.
3. Үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн теориялык жана практикалык ыкмаларына талдоо жүргүзүлдү.
4. Үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык – укуктук маанисине талдоо жүргүзүлдү жана КР Конституциясынын 19-беренесине жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен толуктоо киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш” .
5. Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүүдө чечүүгө зарыл болгон бир катар маселелер бар экендиги аныкталды.
6. үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамалар сунушталды.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде көйгөйлөргө баа берилип, ар бир бапта жакшыртуу жолдору боюнча, конкретүү сунуштарды алып чыгуу максаты ишке ашты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Никени эркек менен аялдын баш кошуусу катары таануу үй-бүлөлүк укуктун ченеми гана эмес, анын принциби деп таануу да керек. Себеби никени эркек менен аялдын баш кошуусун үй-бүлөлүк укуктун принциби катары таануу үй-бүлөлүк мамилелерде бир жыныстуу никеге бөгөт коюунун механизмдеринин бири болоору талашсыз. Ушундай механизмдердин бири катары үй-бүлөлүк мыйзамга Кыргызстанда бир жыныстуу никеге жана жуптарга жол берилбестигин белгилеген конкреттүү ченемди киргизүү зарыл. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге туруууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесине «бир жыныстуу адамдарга» деп киргизүү сунушталат. Мындай учурда, жаңы редакцияга ылайык, эгерде никеге туруучу адамдар бир жыныстуу болушса, алардын никеге туруусуна мыйзам жол бербестиги так көрсөтүлөт.

2. Конституциянын Преамбуласында, 21- жана башка беренелеринде бекитилген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоого

багытталган конституциялык принциптердин негизинде Үй-бүлөлүк кодекске тиешелүү толуктоолорду киргизүү керек. Үй-бүлө мамилелеринде үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү, биздин көз-карашыбызда, учурдун талабы. Мындай мазмундагы тиешелүү жобону Үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарында белгилөө мыйзамга ылайык.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”.

4. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси ак ниеттүү жубайдын укуктары жараксыз нике менен бузулган учурда моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугун аныктайт. Үй-бүлө кодексинде моралдык зыян жөнүндө башка эскертүүлөр жок. Чынында эле, моралдык зыяндын ордун толтуруу - бул субъекттердин жеке мүлктүк эмес укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун маанилүү ыкмасы болуп саналат. Биздин оюбуз боюнча, үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү керек. Бул укукту төмөнкүлөргө берүү керек: ата-энелерге, баласын мыйзамсыз кармаган адамдан кайтарып берүүнү талап кылганда; бала менен катташуу укугу бузулган туугандарга; жалпы карыздар болгон учурда укуктары үй-бүлөлүк ири чыгымдарды жашырган жубайы тарабынан бузулган жубайына; алимент өндүрүү боюнча узак жана ийгиликсиз аракеттер болгон учурда, адеп-ахлактык жактан жабыр тарткан үй-бүлө мүчөлөрүнө.

5. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси 43-47-беренелеринде Кыргызстандын практикасына нике келишими институтун киргизди, ал келишим никеге чейин же адамдар никеге тургандан кийин түзүлгөндүгүнө карабастан жубайлардын мүлктүк укуктарын жана милдеттерин аныктай турган келечектеги же никелешкен жубайлардын макулдашуусун түшүндүрөт. Учурдагы кырдаал, нике келишиминин мазмуну мыйзамга ылайык өтө чектелүү. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну олуттуу жакшыртуу нике келишимине жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн киргизүүгө мүмкүндүк берет, бул өз кезегинде жубайлардын ортосундагы мамилелерди толук жөнгө салууга шарт түзөт.

Коргоого койулган жоболорду ишке ашыруунун бирден бир негизги жолу тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Мамашарип кызы Б.** Бала (уул же кыз) асырап алуу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Известия вузов (Кыргызстана). – 2012, № 4. С 91-94. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36685024
2. **Мамашарип кызы Б.,** Айтмаматова У.А. Роль принципов (основных начал) семейного права в формировании системы семейного права. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 2. С 143-145. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24846815
3. **Мамашарип кызы Б**. Жашы жете элек балдардын өздүк мүлктүк эмес укуктары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 74-75. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908188
4. **Мамашарип кызы Б**. Үй-бүлө укугунун түшүнүгү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 76-77. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908189
5. **Мамашарип кызы Б**., Пратова А.К. Үй-бүлө укугунун башка укук системаларынын ичиндеги орду жана ролу, жарандык укуктун бир тармагы катары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2016, № 12. С 142-143. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28310228
6. **Мамашарип кызы Б.** Баланын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2018, № 12. С 47-49. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41212707
7. **Мамашарип кызы Б.** Үй-бүлөлүк - укуктук макулдашууларды келишимдик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2020, № 4. С 69-72. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46223399
8. **Мамашарип кызы Б.** Бүтүм түзүүдө жубайлардын макулдугу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2021. № 6 С 112-114. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47219576
9. **Мамашарип кызы Б.** Субъекты семейных правоотношений. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Рецензируемый научный журнал «Тенденции развития науки и образования» №84, Апрель 2022 (Часть 5) С 120-123. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48496944
10. **Мамашарип кызы Б.** Эволюция конституционного закрепления института семьи в период независимости Кыргызстана. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Оригинальные исследования (ОРИС) 2022 №4. https://elibrary.ru/item.asp?id=48546824

**Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темада 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Конституция, үй-бүлө, жубайлар, нике, мамилелер, жоопкерчилик, милдеттер, укук, мүлктүк, жөнгө салуу, принцип, аял, эркек, балдар.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан иштеп чыгуу менен аларды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** болуп, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери менен байланышкан коомдук мамлилелер эсептелишет.

**Изилдөөнүн предметин:** үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикасы.

**Изилдөө методдору:** коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонулду.

**Алынган натыйжалар жана илимий жаңылыгы:** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында ата мекендик конситуциялык-укуктук илиминде бир катар жаңы илимий-теориялык позицияларды чагылдырган теориялык жоболор менен практикалык сунуштамалар иштелип чыкты.

Диссертациялык изилдөөдө укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептери ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталды, ошондой эле үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү сунуштары белгиленмекчи. Ошондой эле, изилдөөнүн илимий жаңылыгы коргоого коюлган бардык жоболор, эмгекте чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар абсолюттук түрдө жаңы экендиги менен чагылдырылат.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын колдонуу даражасы**

Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик, конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде; жогорку окуу жайларында окутуу процессинде жана окуу-методикалык куралдарын даярдоодо.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Мамашарип кызы Багдагул на тему ”Конституционно-правовые основы семейного права Кыргызской Республики" на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02-конституционное право, муниципальное право.**

**Ключевые слова:** конституция, семья, супруги, брак, отношения, ответственность, обязанности, право, собственность, регулирование, принцип, женщина, мужчина, дети.

**Цель исследования:** теоретическая разработка конституционно-правовых основ семейного права Кыргызской Республики и выработка практических рекомендаций по их совершенствованию.

**Объектом исследования** являются общественные отношения, связанные с конституционно-правовыми основами семейного права Кыргызской Республики.

**Предмет исследования** составляют основные категории и понятия семейного права и теоретические взгляды и позиции в их разработке и научном анализе, институциональная система и особенности семейного права, семейное конституционно-правовое законодательство Кыргызской Республики, теория и практика регулирования семейных отношений.

Методы исследования: наряду с общенаучными методами познания социально-правовых явлений используется комплекс частных научных методов.

**Научная новизна диссертационного исследования:** Научная новизна диссертационного исследования: в результате диссертационного исследования разработаны теоретические положения и практические рекомендации, отражающие ряд новых научно-теоретических позиций в отечественной конституционно-правовой науке.

В диссертационном исследовании было охарактеризовано сочетание личных интересов и общественных интересов в регулировании семейных правоотношений с раскрытием причин проблем, возникающих в формировании правового государства, гражданского общества и функционирования демократии, определено значение и место конституционных принципов в регулировании семейных отношений, а также сформулирован ряд принципов регулирования семейных отношений, включая принцип сохранения семейных ценностей, ценностей и традиций, предложения по расширению с одобрением хочу отметить. Также научная новизна исследования отражается в том, что все положения, выводы, сделанные в труде, подлежат защите, являются абсолютно новыми.

**Степень использования материалов диссертационного исследования**

Теоретические положения, выводы и практические рекомендации, разработанные в результате изучения конституционно-правовых основ семейного права Кыргызской Республики, могут быть использованы при

совершенствовании отечественного Конституционного и семейного законодательства.

**Сфера применения:** в деятельности соответствующих органов государственной власти и местного самоуправления; в учебном процессе и подготовке учебно-методических пособий в высших учебных заведениях.


**SUMMARY**

**of the dissertation by Mamasharip kyzy Bagdagul on the topic: "Constitutional and legal foundations of family law of the Kyrgyz Republic" for the degree of Candidate of Law in the specialty 12.00.02-constitutional law, municipal law.**

**Keywords:** family, spouses, marriage, Kyrgyz Republic, relations, constitution, responsibility, duties, law, property relations, non-property relations, functions, regulation, civil law, domestic scientists, parties, prenuptial agreement, fatherhood, motherhood, society, principles, woman, man, children, family members.

**The object of the study** is public relations related to the constitutional and legal foundations of family law of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the research** consists of the main categories and concepts of family law and theoretical views and positions in their development and scientific analysis, the institutional system and features of family law, family constitutional and legal legislation of the Kyrgyz Republic, theory and practice of regulating family relations.

**The purpose of the study** is the theoretical development of the constitutional and legal foundations of family law of the Kyrgyz Republic and the presentation of practical recommendations for their improvement.

**The methodological basis of the dissertation research** consists in the complex application of private scientific methods along with general scientific methods of cognition of social and legal phenomena. The application of the dialectical method of cognition as a general scientific method made it possible to consider family relations and their regulation through the prism of the general process of social development, interrelations and interdependencies in it.

The general scientific method of analysis and synthesis made it possible to identify objective trends in the formation and development of family relations, conduct a comprehensive analysis of them and identify common phenomena and features in them.

The application of the formal-logical method made it possible to determine the goals and objectives of regulating family relations by the principles and norms of the Family constitutional and legal legislation of the Kyrgyz Republic.

The system-structural method, along with the study of such important issues as the formation of family legislation in the Kyrgyz Republic, its compliance with the principles and norms of the Constitution of the Kyrgyz Republic with legal principles, the specifics of regulating family relations and transparency in legal

regulation, opened the way to defining the constitutional and legal foundations of family law of the Kyrgyz Republic.

The comparative legal method contributed to the formation of the author's position by comparing the views of scientists on family relations, as well as the features of the structure and regulation of domestic and foreign family law.

The application of a technical and legal approach made it possible to analyze and understand the essence, structure and application of legal principles and norms governing family relations and, at the same time, to develop practical recommendations for improving the relevant regulatory legal acts.

**The scientific novelty of the dissertation research:** Scientific novelty of the dissertation research: as a result of the dissertation research, theoretical provisions and practical recommendations have been developed, reflecting a number of new scientific and theoretical positions in the domestic constitutional and legal science.

The dissertation research characterized the combination of personal interests and public interests in the regulation of family relations with the disclosure of the causes of problems arising in the formation of the rule of law, civil society and the functioning of democracy, determined the importance and place of constitutional principles in the regulation of family relations, and formulated a number of principles for the regulation of family relations, including the principle of preserving family values, values and traditions.I would like to note the expansion proposals with approval. Also, the scientific novelty of the research is reflected in the fact that all the provisions, conclusions, conclusions made in the work are subject to protection, are completely new.

**The degree of use of the materials of the dissertation research**

Theoretical provisions, conclusions and practical recommendations developed as a result of studying the constitutional and legal foundations of family law of the Kyrgyz Republic can be used to improve domestic Constitutional and family legislation.

**Scope of application:** in the activities of relevant state authorities and local governments; in the educational process and the preparation of teaching aids in higher educational institutions.